УДК: 781
DOI 10.33514/1694-7851-2025-3/1-384-391

**Турумбекова М.А.**
ага окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
munara.alikovna@gmail.com
**Нусубалиева Г.Б.**
философия илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
gulzat.nusubalieva@mail.ru

# КЫРГЫЗ ЭЛ АСПАБЫ КОМУЗ КҮҮСҮ АРКЫЛУУ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТҮ ӨНҮКТҮРҮҮ

**Аннотация.** Кыргыз элдик маданияттарынын башаттары Маданият – адам баласынын жашоосундагы ой- санаасынын кыялынын, таалим- тарбиясынын, тиричилигинин, эмгегинин сулуулугун жана жаратылыш менен болгон мамилесин аныктаган түшүнүк.
Кыргыз элинин тарыхый доорундагы маданияттарынын башаттарына кайрылсак. Ар элдин өткөн тарыхы жана энчилүү маданияты болору чындык. Тарых – элдин эзелтен берки баскан жолун, өткөн жашоо тиричилигин, тагдырын жана азыркысын кабарласа маданият ошол элдин рухий жана материалдык казынасынан кабар берет.

Маданият – адам баласынын жашоосундагы ой- санаасынын кыялынын, таалим-тарбиясынын, тиричилигинин, эмгегинин сулуулугун жана жаратылыш менен болгон мамилесин аныктаган түшүнүк. Кыргыз маданияты негизинен Орто Азия жана Батыш Сибирдеги көчмөн элдердин орток жаралган маданий мурасынан калыптанган.

Улуттук маданияттын өнүгүп – өсүшүнө, калыптанышына далай мезгил жана тарыхый, социалдык шарт керек. Байыртадан берки кыргыз тарыхын изилдеп көрсөк, элибиз кайсы доордо кандай материалдык жана рухий маданиятка жетише алган. Кыргыз эли байыртадан уюткулуу улут болуп тарыхка бай, салт- санжырага бай, узак жашаган өз каада – салтын жоготпой келген улуу кыргыз. Ушул улуу журттун урпактары, келечек ээлери, жаш муундар бүгүнкү күну ата- бабалардын башынан кечирген тарыхты жана каада – салтты урматтайбыз. Биздин бабаларыбыздын байыртадан берки түзгөн, укумдан- тукумга калтырган аялуу рухий асыл мурастары бар: кунарлуу сөз өнөрү, орошон оозеки чыгармачылык, ырлар, дастандар, эпостор, кутту боз үй, кол өнөрчүлүк, чебер уздардын өнөрү, залкар күүлөр.

**Негизги сөздөр:** Обонду ырлар, дастандар, эпостор, кутту боз үй, кол өнөрчүлүк, чебер уздардын өнөрү.

**Турумбекова М.А.**
старший преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
**Нусубалиева Г.Б.**
кандидат философских наук, и.о. доцента

Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

## РАЗВИТИЕ ТВОРЧЕСКОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ И ПРОФЕССОНАЛИЗМА ЧЕРЕЗ КЫРГЫЗСКИЙ НАРОДНЫЙ ИНСТРУМЕНТ КОМУЗ

**Аннотация.** Истоки кыргызских народных культур. Культура – понятие, определяющее красоту жизни человека, мечты, образования, труда, отношения с природой.

Обратимся к истокам культуры кыргызов в исторический период. Это правда, что каждая нация имеет свою собственную историю и культуру. История повествует об образе жизни народа с незапамятных времен, прошлом промысле, судьбе и настоящем, а культура – о духовных и материальных богатствах этого народа.

Культура – это концепция, определяющая красоту мыслей, мечтаний, образования, средств к существованию, труда и отношений человека с природой. Кыргызская культура в основном сформирована из общего культурного наследия кочевых народов Средней Азии и Западной Сибири.

Развитие и становление национальной культуры требует много времени и исторических и социальных условий. Если мы будем изучать историю Кыргызстана с древнейших времен, то узнаем, в какую эпоху смогла достичь материальная и духовная культура нашего народа. Кыргызский народ издавна был сплоченным народом, богатым историей, богатым традициями и традициями, и не утратил своих традиций. Потомки, будущие владельцы, подрастающие поколения этой великой страны, мы с уважением относимся к истории и традициям, которые сегодня пережили наши предки. Наши предки имеют многовековую историю духовного наследия, которое они передают из поколения в поколение: искусство художественного слова, устное творчество, стихи, дастаны, былины, юрта кутту, ремесла, ремесла, мастерство, великолепные мелодии.

**Ключевые слова:** мелодичные песни, саги, былины, юрты, ремесла, искусство искусных музыкантов.

**Turumbekova M.A.**
senior lecturer
Kyrgyz state university named after I. Arabaev
Bishkek c.
**Nusubalieva G.B.**
Candidate of Philosophical Sciences, Acting Associate Professor
Kyrgyz state university named after I. Arabaev
Bishkek c.

## KYRGYZ EI ASPABY KOMUZ KYYSY ARKYLU, CHYGARMACHYLYK KOMHETENTTYYLYKTYZHANA KESIHKOYLYKTU ONYKTYRYY

**Annotation.** The origins of Kyrgyz folk cultures. Culture is a concept that determines the beauty of a human's life, dreams, education, work, and relationship with nature. Let us turn to the origins of Kyrgyz culture in the historical period. It is true that every nation has its own history and culture. History tells about the way of life of a people since time immemorial, past trade, fate and present, and culture tells about the spiritual and material wealth of this people.

Culture is a concept that defines the beauty of man's thoughts, dreams, education, livelihood, work and relationship with nature. Kyrgyz culture is mainly formed from the common cultural heritage of the nomadic peoples of Central Asia and Western Siberia.

The development and formation of national culture requires a lot of time and historical and social conditions. If we study the history of Kyrgyzstan from ancient times, we will find out in what era the material and spiritual culture of our people was able to achieve. The Kyrgyz people have long been a close-knit people, rich in history, rich in traditions and traditions, and have not lost their traditions. Descendants, future owners, younger generations of this great country, we respect the history and traditions that our ancestors have experienced today. Our ancestors have a centuries-old history of spiritual heritage, which they pass on from generation to generation: the art of artistic word, oral creativity, poems, dastans, epics, yurt kutta, crafts, crafts, crafts, great melodies.

**Keywords:** melodious songs, sagas, epics, yurts, handicrafts, art of master musicians.

"Үч буроо жалгыз тээк, үч кыл комуз,
Чертилбейт, күүгө келбейт чебер колсуз.
Опоңой, көргөн көзгө жөпжөнөкөй,
Бирок да өнөрү бар айтып болгус".
(Алыкул Осмонов)

Алыкул Осмонов агайыбыз айткандай ар бир калктын көркөм маданиятында сыймыктана турган улуу ата мурастары болот. Калкыбыздын кадырлап барктаган музыкалык аспаптарынын бири - үч кылдуу комуз. Улуу кыргыз элинин үч кылдуу комуз аспабы байыркы ата-бабабыздан бери келе жаткан мурас. Комузсуз кыргыз элинин тарыхын, маданиятын элестетүү да кыйын. Комуз көп элдердин кылдуу аспаптарынан өзгөчөлөнүп, жөпжөнөкөй көрүнгөнү менен канча деген сырлары бар: кулагынын ондон ашык түргө буралышы, кол ойнотуу ыкмалары, шилтем ыкмаларынын ар кылдуулугу менен айырмаланат.

Элибиздин ар бир айтылуу шайыры калың калкка өзүнүн чыгармачылык күчүн, жүрөк дилин, жаратылыштын кооздугун комуздун коштоосунда күү, обон аркылуу элге жеткирген. Адатта комуз өрүк, алма, жаңгак, карагай, арча сыяктуу мөмөлүү жана мөмөсүз жемиштерден жасалат. Алмурут өндүү формада чабылып, моюну ичкерип кетет. Жалбырактары күбүлүп, мөмөсү бышкан кезде кыйылган жыгач сомдолуп, сууга кайнатылып, ышталган комуз бек да, добуштуу да болот. Өрүктөн чапкан комуздун үнү таза, түнук, коңур чыгат. Комуздун жаны жыгач деп айтылып калган. Комуздун жалпы узундугу 85-90 см болот. Кулагы, тепкеги өрүктөн, арчадан же мүйүздөн жасалып, ал эми кылын эки тиштүү кыргыз койдун ичегисинен жасап келишкен. Азыркы биздин убакта жибек жипти ийрип, (жылка) балык лескасынан (№06), хирургияда пайдаланган ичеги (кетху) тагышат.
Күүнүн башы камбаркан деп айтылып келет.

Кыргыз элинде комуз жөнүндө ар кандай уламыш, болумуш, жомоктор ооздон-оозго өтүп айтылып келет. Байыркы өткөн заманда кыргыз элинде, багында куштар сайрап, мөмө шагы жер чийип, адам баласы айбанат дүйнөсү менен жуурулушуп, жаратылыштын кооздугуна бөлөнүп, анын берген байлыгына жыргап жашашкан.
Ошол бейпил заманда Камбар деген акылман, ыр жандуу мерген болгон дейт. Анын айдай сулуу, сүйгөн келинчеги, уулу бар экен. Күндөрдүн бир күнүндө ал улуу тоолорду кыдырып ууга чыгып, мергенчилик кылат. Жаратылыштын кооз жерлерине суктанып, эс алып жатса, бир укмуштай жагымдуу добушту кулагы чалат. Абайлап караса, көңдөйлүү бир бакка

жаныбардын ичегиси илинип кургап калганын көрөт, ошол ичеги шамалга дирилдеп, жагымдуу үн чыгарып жатканын угат. Мындан бир нерсе жасаса болот деп ичегини туруп алып, үйүнө олжолуу кайтат [1, 10 б].

Камбар көпкө ойлонуп жыгачты оюп, көңдөй кылып капкак тагып комуз жасайт. Ичегиден үч кыл тагат: бирөө- мен, экинчиси-сүйгөн жарым, учунчүсү- уулумдеп, көптөгөн күү, обондорду чыгарган дейт. “Күүнүн башы Камбаркан” деген сөз ошол болумуштан калган экен.

Кыргыз эл аспабы комуз күүсү аркылуу, чыгармачылык компетенттүүлүктү жана кесипкөйлүктү өнүктүрүү бүгүнкү ааламдашуу доорунун заманбап талаптарына ылайык, ар бир адам, жашоодо ар бир жаран кайсыл гана чөйрөдө, кандай гана маселени чечүүдө болбосун өзүнүн компетенттүүлүгүн көрсөтө алуусу зарылдыгы келип чыгууда. Ушундан улам, биз бир нерсени моюнга алышыбыз керек. Эгер биз окутуучулар, окуучуларды азыркы заманбап дүйнөлүк талаптарга ылайык турмушка даярдагыбыз келсе, турмуштук кырдаалдарга даярдоодо окуу мезгилинде гана эмес башка ишмердүүлүктөрдүн чөйрөлөрүнө да ыңгайлаша алууга үйрөткүбүз келсе, анда, алгач ишти эмнеден баштообуз керек деген суроо туулат.

Мугалим - бул тажрыйбалуу психолог, кереметтүү акын, даңазалуу актер, теңдеши жок жардамчы жана эн башкысы- чыныгы дос. Мугалимдик кесип- бул дүйнөдөгү эң байыркы жана эң мыкты кесиптин бири.

Улуттук маданияттын өнүгүп – өсүшүнө, калыптанышына далай мезгил жана тарыхый, социалдык шарт керек. Байыртадан берки кыргыз тарыхын изилдеп көрсөк, элибиз кайсы доордо кандай материалдык жана рухий маданиятка жетише алган. Кыргыз эли байыртадан уюткулуу улут болуп тарыхка бай, салт- санжырага бай, узак жашаган өз каада – салтын жоготпой келген улуу кыргыз. Ушул улуу журттун урпактары, келечек ээлери, жаш муундар бүгүнкү күну ата- бабалардын башынан кечирген тарыхты жана каада – салтты урматтайбыз. Биздин бабаларыбыздын байыртадан берки түзгөн, укумдан- тукумга калтырган аялуу рухий асыл мурастары бар: кунарлуу сөз өнөрү, орошон оозеки чыгармачылык, ырлар, дастандар, эпостор, кутту боз үй, кол өнөрчүлүк, чебер уздардын өнөрү, залкар күүлөр ж.б. Мисалга алсак, инсандын компетенттүүлүгү кандай даражада кыргыз эл аспабы комуз күүсү аркылуу, чыгармачылык компетенттүүлүктү жана кесипкөйлүктү өнүктүрүү өзүндөгү топтолгон тажырыйба жана ыкмаларды адистик тапшырмаларды чечүүгө ынгайлаштырууга жөндөмдүү;

-класстын, группанын денгээлинде окуу поцессин пландоо, уюштуруу, башкарууда адистик ишмердүүлүгүн жүргүзө алат;

-музыкалык билим берүүнүн теориялык негиздерин билет;

–аспапты үйрөтүүдө практикалык иш алып барууга, техникалык каражаттарды, усулдарды пайдаланат;

Мына ушундан улам, дегеле «компетенттүүлүк» деген терминдин өзү эмнени туюндурат деген суроо туулат. «Компетенттүүлүк» деген термин латын тилиндеги «competens» деген сөзүнөн алынып, кыргызчага которгондо “билгич”,” жөндөмдүү”,” ылайыктуу”, “шайкеш келген” деген түшүнүктү туюндурат. Эгерде, мына ушул эле «компетенттүүлүк» деген түшүнүктү кеңири мааниде да алып карасак болот.

–комуз аспапабын үйрөтүү тармагында өз алдынча көркөм чыгармачылык иш жүргүзүүгө даяр;

- музыкалык билим берүү багыттары боюнча окуу процессин уюштурууда, окуучуларда өз алдынча көркөм чыгармачылык процесске кызыгуусун калыптандыруу жана өнүктүрүүгө жөндөмдүү; бул жерде мугалимдин эмгеги өтө чоң.

Кыргыз эл аспабы  комуз  күүсү аркылуу, чыгармачылык компетенттүүлүктү  жана кесипкөйлүктү өнүктүрүү бул Компетенттүүлүк- (шайкеш, туура келүү) адамдардын белгилүү бир кырдаалда(окуу, инсандык, кесиптик) билимдин, билгичтиктердин ар түрдүү элементтерин жана ишмердиктин ыкмаларын өз алдынча колдоно билүүгө болгон жөндөмдүүлүк. компетенттүүлүк - кандайдыр бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик иштеги) билимдин, ыктын жана жөндөмдүүлүктүн ар кандай элементтерин өз алдынча колдонуудагы адамдын интеграцияланган жөндөмү; Ошондуктан уктуруу үчүн тандалып алынган музыкалык чыгармалардын, аткаруу, комуз аспабы менен же болбосо  ырдоо үчүн репертуарынын үлгүлөрү окуучулардын курактык өзгөчөлүктөрүнө, тематикага ылайык келип, предметттик компетенттүүлүктөрдүн калыптануусуна өбөлгө түзүшү керектиги белгиленип, элдик музыкалык фольклор, кыргыз композиторлорунун жана дүйнөлүк музыкалык маданияттын классиктеринин классикалык мурастары, заманбап композиторлордун музыкалык чыгармаларынын үлгүлөрү сунуш кылынган. Аспапты
баалоо – музыка предмети боюнча окуучунун аспапты  (таанып-билүү), -музыка предмети боюнча негизги жана предметтик компетенттүүлүктөргө ээ болуу деңгээлинде билдирилген билим берүү процессинин белгилүү этабында окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктеринин байкоо; көп маданияттуу билим берүү – бул өсүп келе жаткан муундун этностук, жалпы улуттук жана дүйнөлүк маданиятты өздөштүрүүсү, аны руханий жактан байытуу жана дүйнө таанымды өнүктүрүү, көп түрдүү, көп этностуу чөйрөдө жашоого даярдыкты жана жөндөмдүүлүктү калыптандыруу процесси;

Ар бирибиз биринчи мугалимибизди унутпай, анын элесин ар дайым эстеп жүрөбүз. «Педагогика» деген сөздү грек тилинен которгондо, «балдарды алып баруу» дегенди түшүндүрөт эмеспи. Бул кесип адамдан чын дили менен берилүүсүн талап кылып, кээде убакытына жана ден-соолугуна зыянын тийгизет, бирок бул кесипти туура алып барууну билген адамга ал өтө чоң күч кубатты жана энергияны тартуулап, адамды өзүн башкаларга дагы керек экенин сезүүгө жардам берет.

Бүгүнкү күндө мугалимдиктен өткөн жомоктошкон кесип болбосо керек. Мугалим өтө жоопкерчиликтүү, татаал жана башкаларга көп байкалган кесиптин жүгүн өзү тартып келет, окуучунун өсүп-өнүгүүсүнө мугалимдин сабаттуулугу жана инсандуулугу башка нерселерге караганда өтө чоң таасир берет. Андыктан мектептеги эң башкы каарман-бул мугалим, деп эсептейм. Балдарга болгон сүйүү жана кесипкөйлүк- педагогиканын эки канаты. Алардын бирөөсү менен гана кантсең дагы учуп кете албайсың.  Бул эки нерсенин бири экинчисинен маанилүү деп айта албайм, алардын экөө тең бирдей керек.
Мугалим болууга шык керек, болбосо бул кесипте калып, аны аркалоо татаал. Эми, ар бир кесипте шыктуулук керек, өзгөчө музыка мугалими балдарга аспап үйрөтүү өтө татаал, ар бир баланын ар кандай мүнөзү болот, ар бир баланын анын талантына жараша мамиле кылыш керек, кээ бирлери бат кабыл алса, кээ бири кеч кабыл алат, кээ биринин угуу сезими күчтүү болбо, кээ биринин ритми күчтүү болот ошон үчүн ар бир балага аярлык менен мамиле кылыш керек, мугалим жөн эле педагог болбош үчүн ал психолог да болуш керек. Ооба, мугалимдик кесипти аркалоо абдан оор.

Мектептерде музыка  мугалими өтө аз Кыргыздан балдары комузду үйрөнгүсү келет, бирок тилекке каршы мугалимдер жетишсиз  муктаж ошондуктан ар бирибиз бул кесиптин кадырын көтөрүүгө салым кошуубуз керек.

Кыргыз эл аспабы  комуз  күүсү аркылуу, чыгармачылык компетенттүүлүктү  жана кесипкөйлүктү өнүктүрүүдө,  музыка мугалимдери өлкөдөгү азыркы  көйгөйлөргө карабастан, жаңы муунда коомго болгон жакшы көз караштын пайда болуусуп, өнүгүп өсүүсүн көрө алышат.

-Азыркынын жаңы көрүнүшү- Кыргыз аспабы комузду көптөгөн балдар жакшы үйрөнүш керек экенин түшүнүүдө. Тилекке  каршы, азыр мектептерде комуз кружогун жоюп салганга байланыштуу комуз аспабыз көп балдар үйрөнөт албай калды. Канча деген балдар ккыргыздын комуз аспабын үйрөнгүсү келет. Балдар концерттерге, конкурстарга жигердүү катышкысы келет. Ар бир кыргыз баласы таланттуу ошол таланты өздөштүрүш керек.

Кыргыз эл аспабы  комуз  күүсү аркылуу, чыгармачылык компетенттүүлүктү  жана кесипкөйлүктү өнүктүрүү  ошол доордун, элдин жана жеке адамдардын акыл-эси, рухий өсүш деңгээли маданият аркылуу маалымдалат. Маданият рухий жана материалдык маданият болуп экиге бөлүнөт. Рухий маданиятка болсо: адамдардын эң- сезиминин зээндүүлүгү, адеп-ахлагы, дүйнө таанымы, агартуучулугу, тарбия – таалими, укугу, жүрүм –туруму, эстетикасы, илими, өнөрү, адабияты, аңызы, диний ишеними ж.б. кирет. Маданияттын алтын казынасын эл түзөт жана кылымдан кылымга көкүрөгүндө сактап келет.

Кыргыз эл аспабы  комуз  күүсү аркылуу, чыгармачылык компетенттүүлүктү  жана кесипкөйлүктү өнүктүрүү, Улутубуздун байыркы тарыхын жана маданиятын оозеки санжыралардан, уламыштан билсек болот. Кыргыз элинин эзелки маданиятынын узак жолдорун байыркы  калыптанып өсүп - өнүккөн улуттук аспаптык музыкасына кайрылсак. Кыргыз элдик маданияттарынын бири комуз аспаптык музыкасын айта кетсек болот. Күү деп аталуучу жанрда чагылдырылып, кыргыз элинин тарыхы, маданияты, үрп – адаты салт – санаасы оозеки чыгармачылыктын бардык жанрлары, формалары менен байланышып, өсүп - өнүккөн чыгармачылыктын бир тармагы болуп саналат. Эл ичинен маданиятты алгач баштоочулары, таланттары чыгат, алардын ысымдары кийинки муундарга калат. Кыргыз элдик аспаптык музыкасынын программалуусу күүлөрдүн маңыздуулугу, техникалык ийкемдүүлүгү, образдын конкреттүүлүгү ошол жанрдын кеңири өсүп - өнүккөндүгүнүн нукура улуттук музыканын жогорку деңгээлге жеткендигин далилдейт.

Азаркы учурда Кыргыз маданияттына комуз аспабына кайрылсак, күүлөрү тема өнүктүрүү принцибине негизделген. Жаштарыбыз маданиятка жакшы көңүл буруп өзгөчө аспапта ойногон жаштарыбыз уламдан улам элдин моокумун кандырып келет. Тактап айтсак комузчулар дагы бир өзгөчө артыкчылык бир эле күүдөн бир нече варианттарды жаратат. Алар ар күүнү бирде узартып, бирде кыскартып, айрым көркөм интонацияларды кошуп белгилерин так өзгөртүп чертишет. Ошол учурда комузчу таптакыр жаңы жардамчы обондорду табат, бирок аны менен ал негизги теманы жоготпостон, “алтын өзөк” катары пайдаланат. Ошентип күү вариатциалык жана мотивдик өөрчүүчү принцибине негизделген.

Кыргыз маданияты болгон элдик аспаптар кайрылсак  жанрдык өзгөчөлүктөрү обон, залкар, классикалык, мүнөздүү күүлөр эл арасында терең таралууда [2, 25 б].  Мындан башка күүлөр мазмундарына, аткарылышын, темаларына жараша бөлүнүп кетет. Күүлөрдүн темалары да эң эле ар түрдүү. Элдик музыкабызды изилдеген орус ж.б. элдердин окумуштуулары “программалуулук – кыргыз музыкасынын жаны”, - деген эң адилеттүү

туура ойду айтышкан. Ушундан улам эл арасында: “Күү тарыхы- элдин тарыхы”, - деген акылман сөз айтылып калган. Ал эми заманыбыздын улуу комузчу Карамолдо болсо: “Ар бир күүмдүн айтып болгус тарыхы бар. Алар бир нерсеге багышталып чертилет”. - деп бекеринен айткан эмес.

Кыргыз эл аспабы комуз күүсү аркылуу, чыгармачылык компетенттүүлүктү жана кесипкөйлүктү өнүктүрүү өлкөбүздө өсүп келе жаткан жаш муундарды эстетикалык жактан тарбия берүүгө жана ар тараптуу, гармониялуу өсүшүнө камкордук көрүүгө чоң маани берилет. Алгачкы жалпы музыкалык тарбияны балдар бакчасынан баштап, кийин музыкага кызыккан балдар мектептерде комуз сабагын катышып үйрөнө алат.

Кыргыз эл аспабы комуз күүсү аркылуу, чыгармачылык компетенттүүлүктү жана кесипкөйлүктү өнүктүрүү мугалимдин кеңири милдеттери – окуу процессинде окуучуга музыка маданиятынын идеалдык жана көркөмдүк негиздери боюнча түшүнүк берүү. Кыргыз элинин комуз аспаптык музыкасын баардык окуучулар билип жүрүүгө тийиш, ошон үчүн мектептерге комуз сабагы эң керектүү болуп эсептелет.

Кыргыз эл аспабы комуз күүсү аркылуу, чыгармачылык компетенттүүлүктү жана кесипкөйлүктү өнүктүрүү комузчулардын арасында бирин- бири өнөрүн ээрчип жүрүп үйрөнүү салты да кеңири өнүккөн. Алардын комуз чертүү ыкмаларын, штрихтерин өз көздөрү менен көтөрүп көнүлдөрүн кандырышкан.

Кыргыз эл аспабы комуз күүсү аркылуу, чыгармачылык компетенттүүлүктү жана кесипкөйлүктү өнүктүрүү Кыргыз маданияты чыгармачылык ишкердүүлүгү жана алдыңкы прогрессивдүү методдору сабакта колдонуу билүүсү болуп саналат. Бардык эле окуучуга бирдей методдорду колдоно бербейт. Анда мугалим окуучунун кулк – мүнөзүн өзгөчөлүгүн, аң- сезимин өөрчүүсүн, музыкага болгон шыгынын деңгээлинин ар- тараптуу жана терең иликтөөсү зарыл. Жогорудагы талаптардын негизинен тышкары окуучунун аткаруучулук өсүүсүнүн негизги шарттарынын бири үзгүлтүксүз күндө көнүгүү. Ансыз мугалимдин бардык күч аракети текке кетет. Ошондуктан мугалим окуучуну тапшырманын үстүндө өз алдынча иштөө учурунда убакыттын рационалдуу колдоно билүүгө үйрөтүүсү зарыл.

Кыргыз маданиятыбыздын башаты мектептерде алгач комуз сабагы боюнча кербездерден башталат, Кыргыз элдик аспаптык музыкасынын программалуусу күүлөрдүн маңыздуулугу, техникалык ийкемдүүлүгү, образдын конкреттүүлүгү ошол жанрдын кеңири өсүп - өнүккөндүгүнүн нукура улуттук музыканын жогорку деңгээлге жеткендигин далилдейт [3, 15б]. Кыргыз маданиятынада адамдардын жаратылышка болгон сүйүүсүн, эрдиги, эмгекчилдиги, бак - таалайлуу заманда эңсеген тилеги, кайгы – капасы, каада – салты, ой- санаасы, мүнөзү, асыл касиети камтылган. Комуз музыкасы башка элдик аспаптарыбыздын музыкасына караганда саны, сапаты, түрү, күүлөнүшү боюнча темаларды өнүктүрүшү боюнча ыкмалар менен штрихтерге байлыгы менен айырмаланат. Комуз күүлөрү аспаптык чыгармалар сыяктуу тема өнүктүрүү принцибине негизделген жанры боюнча шарт топко бөлүнөт. Залкар күүлөрдүн жаралышына, өнүгүшүнө бирден – бир данек болгон. Эгерде мындай көрүнүш систематикалык түрдө кайталана берсе, анда комузда ойноодон окуучунун көңүлү калат. Бирок, кээ бир учурларда окуучуга татаал түзүлүш боюнча татаал чыгармаларды берүү дагы практикада кездешет. Башкача айтканда өз классынан программасын өз учурунан мурда аткарган зээндүү, таланттуу балдарга келерки класстын программасынан берүүгө болот.

Кыргыз маданияттына чон салымын кошкон күүлөр элдик ырлардын обондорунун негизинде жаралган. Алар ар бир музыканттын бай кыялдануусунун натыйжасында

классикалык деңгээлде, өсүп жеткен. Ийгиликтүү сабак өтүүнүн дагы бир өбөлгөсү комуздан сабак берген мугалимдик кесиптик устаттыкы. Чыгармачылык ишкердүүлүгү жана алдыңкы прогрессивдүү методдору сабакта колдонуу билүүсү болуп саналат. Бардык эле окуучуга бирдей методдорду колдоно бербейт. Анда мугалим окуучунун кулк – мүнөзүн өзгөчөлүгүн, аң- сезимин өөрчүүсүн, музыкага болгон шыгынын деңгээлинин ар- тараптуу жана терең иликтөөсү зарыл [4, 20б].

Ийгиликтүү сабак өтүүнүн дагы бир өбөлгөсү комуздан сабак берген мугалимдик кесиптик устаттыкы. Чыгармачылык ишкердүүлүгү жана алдыңкы прогрессивдүү методдору сабакта колдонуу билүүсү болуп саналат. Бардык эле окуучуга бирдей методдорду колдоно бербейт. Анда мугалим окуучунун кулк – мүнөзүн өзгөчөлүгүн, аң- сезимин өөрчүүсүн, музыкага болгон шыгынын деңгээлинин ар- тараптуу жана терең иликтөөсү зарыл.

Кыргыз эл аспабы комуз күүсү аркылуу, чыгармачылык компетенттүүлүктү жана кесипкөйлүктү өнүктүрүү ар бир окучууга маданиятыбыз жөнүндө тарбия берүүнүн эң алгачкы сабактарынан баштап мугалим окуучуну чыгарманын мүнөзүн, стилин түшүнүүгө көмөктөшөт. Өз алдынча чыгарманын үстүндө ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт, апликатурасын туура өздөштүрүүгө чоң көңүл бурат. Анткени аплекатура аткаруучунун техникалык жактан өнүгүүсүнүн түздөн – түз таасирин тийгизет. Ошону менен катар чыгармада кандай музыкалык терминдер жолукса алар менен тааныштырат. Ар түрдүү чыгармаларда кандай музыкалык жолугуучу ойноо ыкмаларынын ар – бирин өз алдынча өздөштүрүү зарыл. Бул ыкма толук өздөштүрүлгөндөн кийин гана экинчи ыкмага өтүү талапка ылайык. Ушул эрежени сактабоонун натыйжасында практикада мугалимдер бир катар жаңылышууларга дуушар болушат.

Комуз музыкасындагы эң байыркы жана эң эски жанрдык бири – обон күүлөр. Алар комузда да ырсыз (сөзү жок) карандай гана обон аркылуу аткарылат [5, 35 б]. Бул залкар (кара), айтым (эстрадалык) күүлөрдөн мазмуну, музыкалык темаларды өнүктүрүшү жагынан айырмаланат. Анын уюткусун эл арасында ырдап жүргөн түрдүү мазмунундагы ырлардын обондору түзөт. Алардын тематикасы да ашыктык, күйгөн секет бай, арман, жоктоо, кошок, санат ж.б. арналган. Булар комузда оң жана сол буроолорго толгонуп, жөнөкөй куплеттик формада чертилет. Обон күүлөрдөгү дагы бир өзгөчөлүк алар абалкы жана азыркы айтым, залкар күүлөрдүн жаралышына, өнүгүшүнө бирден – бир данек болгон.

Кыргыз эл аспабы комуз күүсү аркылуу, чыгармачылык компетенттүүлүктү жана кесипкөйлүктү өнүктүрүү элибиздеги музыкалык аспаптардын эң эзелкиси, угуучулар арасына эң кеңири тараганы үч кылдуу комуз болуп эсептелинет, ар кандай чыгармачылык аткаруучу жөндөмдүүлүктөрү бар адистерди даярдоодо, кыргыз элинин аспаптык музыкасын комплектүү түрдө негиздөө проблемасы чоң мааниге ээ.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Актанова Г. Комуз таануу. – Бишкек, 2010.
2. Затаевич А. В. Кыргыздын аспаптык күүлөрү жана обондору. – Фрунзе, 1974.
3. Алагушов Б. Кыргыз музыкалык аспаптары. – Фрунзе, 1974.
4. Виноградов В. Киргизская народная музыка. – Фрунзе, 1958.
5. Исабаев Ч. Комуздун тандалма күүлөрү. – Фрунзе, 1987. – 35 б.
6. Артыков К. Дж. Окуу процессинде окуучулардын музыкалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү // Жарчы И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети. – 2024. – № 4/3.